**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_________________№ ____________

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Билим берүү уюмдарында энергетикалык коопсуздугун камсыз кылуу жана электр энергиясын үнөмдүү пайдалануу боюнча чараларды көрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын энергетика системасында электр энергиясынын тартыштыгын кыскартуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 22-апрелдиндеги № 14-11147 тапшырмасын аткарууга алып, буйрук кылам:

1. Республиканын аймагындагы Башталгыч кесиптик, Баткен, Талас, Жалал-Абад, Нарын жана Чүй облустук усулдук билим берүү борборлорунун, Ош жана Ысык-Көл билим берүү институттарынын, Ош жана Бишкек шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, жалпы билим берүүчү мекемелердин, балдар үйлөрүнүн, интернат тибиндеги мекемелердин ошондой эле Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин алдындагы мекемелердин жетекчилерине жүктөлсүн жана төмөндөгү иш-чараларды аткаруу милдеттендирилсин:

- Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдары (мектептер, кесиптик лицейлер):
- 1.1. Электр энергиясын үнөмдүү пайдалануу боюнча ички тартипти күчөтсүн;
- 1.2. Жарыктандыруу жана электр шаймандарын зарыл болбогон учурда өчүрүү тартибин киргизсин;
- 1.3. Кондиционерлерди жана желдеткичтерди колдонууда температуралык режимди сактоону камсыз кылсын;
- 1.4. Иш убактысынан тышкары электр энергиясын пайдаланууга (жарыктандыруу, кондиционер ж.б.) жол бербесин.
- Билим берүү уюмдарында окуучулар арасында электр энергиясын үнөмдөө боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү тапшырылсын.
- Бул иштер төмөнкүлөрдү камтысын:
- 1.5. Энергияны үнөмдөөчү жөнөкөй ыкмаларды үйрөтүү;
- 1.6. Электр энергиясын эң жогорку жүктөм мезгилдеринде үнөмдүү пайдалануу;
- 1.7. Энергияны рационалдуу колдонуу маданиятын калыптандыруу.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2. Жогорудагы аталган мекемелердин жетекчилери энергияны үнөмдөө режимин сактоого жоопту кызмат адамдарын аныктасын жана аталган режимди бузуу үчүн жеке жоопкерчиликти белгилөө менен бул буйруктун аткарылышын камсыз кылсын.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептеги билим берүү башкармалыгына (М.У. Музулманов), Мектепке чейинки билим берүү башкармалыгына (Н.А. Касымова) жана Башталгыч кесиптик билим берүү башкармалыгына (А.С. Кусеинова) жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С.Джусупбекова**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 603/1, 30.04.2026 Кол койгон: Джусупбекова Н.С.